Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

85 жыл

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№07 (230) 2024-жыл, декабрь   Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru




Ойлогон ойлор шыр болсун.
Шаң, күлкү дүйнө ыр болсун.
Мээнеттин берип үзүрүн,
Ушул жыл куттуу жыл болсун!

## ОШМУНУН 8 СТУДЕНТИ ПРЕЗИДЕНТТИК СТИПЕНДИЯГА ЭЭ БОЛДУ



# ЖАҢЫ ЖЫЛЫҢ МЕНЕН, ОшМУ!




«Атуулдук стипендия» тапшырылды 2-бет

Жылан менен балыктын маеги 4-бет

КОСМОСКО КӨЧҮҮ 9-бет

БИР СҮРӨТТҮН ТАРЫХЫ 11-бет

# ОШМУНУН ЭҢ МЫКТЫ СТУДЕНТТЕРИНЕ «АТУУЛДУК СТИПЕНДИЯ» ТАПШЫРЫЛДЫ

24-декабрда ОшМУнун он студенти «Атуулдук стипендия» алды. Аларды сыйлоо үчүн «Идея, аракет, натыйжа" аталышында иш-чара уюштурулуп, ага ректор Кудайберди Кожобеков, ата-энелер, окутуучулар жана студенттер катышты.

Кожобеков студенттерге кең келечек каалап: «Бул силерге чек болбошу керек, ийгиликтериңердин башаты болуш керек», -деди.

2024-2025-окуу жылында «Атуулдук стипендия» алган студенттер:

- Мээрим Айтматова – Педагогика, искусство жана журналистика институтунун 4-курсунун студенти;
- Нуржанат Токторбек кызы – Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун 4-курсунун студенти;
- Алтынай Раззакова – Медицина факультетинин 5-курсунун студенти;
- Мээрим Кадырова – Кыргыз-Кытай факультетинин 4- курсунун студенти;
- Нурбүбү Курстанбек кызы – Филология жана маданият аралык коммуникация институтутунун 4-курсунун студенти;
- Жанара Ысмаилова – Педагогика, искусство жана журналистика институтунун психология бөлүмүнүн 4-курсунун студенти;
- Аскар Мамадалиев – Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин 3-курсунун студенти;
- Кымбатбек уулу Низами – Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин 4-курсунун студенти;
- Мырзайым Эрматова – Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун 4-курсунун студенти;
- Бактыярбек уулу Эржан – Тарых жана юридика институтунун социалдык экономикалык билим берүү адистигинин 4-курсунун студенти.

Иш-чарада ОшМУнун ТОП–20 студентине 10 миң сомдон акчалай сыйлык берилди. Алар AVN программасында жана окуудагы эң мыкты көрсөткүчкө ээ




болгондор. Мындан сырткары жыл ичинде мыкты жыйынтыктарга жеткен жаштарга да сыйлыктар ыйгарылды.

«Аттуулдук стипендия» Кыргызстандагы эң абройлуу стипендиялардын бири болуп эсептелет. Ал өз алдынча аракеттенип, коомдук иштерге активдүү катышып келген, сабактарын мыкты өздөштүргөн студенттерге тапшырылат. Мында ОшМУдан сырткары чет өлкөлөргө чыгып, илимий, билим берүү жаатында өз тажрыйбасын кеңейтип, кесиптик чеберчилигин өнүктүргөнү да каралат.

Стипендиаттарды тандоо «ОшМУнун мыкты студенти» сынагы жөнүндө жобонун негизинде жүргүзүлөт. Ага ылайык, конкурс эки баскыч менен өтөт. Биринчиси факультеттик, ал эми экинчи этап университеттик деңгээлде болот.

«Аттуулдук стипендия» он жылдан ашуун убакыттан бери туруктуу берилүүдө. Мында бир студентке айына 100 доллардан которулат. Бул сумма жылына 1200 долларды түзөт. Стипендия ОшМУда эмгектенген, илимдин доктору, профессор, меценант агай тарабынан берилип келет.

2012-жылдан тартып «Атуулдук стипендия» алган студенттердин саны элүү бешке жетти.













**ОшМУнун маалымат борбору**

Жаштык бул – ЖИГЕР! НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# ЖАҢЫ ЖЫЛЫҢЫЗ МЕНЕН!

Дүйнөдө көптөгөн улут, мамлекет бар. Алардын ар биринин салты, жашоо принциптери ар башкача. Бири-бирине окшобогон адамзатын бириктирүүчү майрам – жаңы жыл. Бул майрамда салттуу түрдө балатыны кооздоп, оливье салатын жасап көнгөнбүз. А бирок эмнеден улам балатыны кооздойбуз? Эмне үчүн сөзсүз оливье салаты дасторконубузду толукташы керек деп ойлондуңуз беле? Келиңиз суроого жооп издеп көрөлү.




## Жаңы жылдын тарыхы

Жаңы жылды белгилөө (б.з.ч) IV кылымда Месопотамияда пайда болгон. Бирок алар жаңы жылды март айында белгилешчү. Анткени бул айда талаа иштери башталгандыктан жылдын башы деп билишчү. Кийин (б.з.ч) 46-жылы Рим императору Юлий Цезарь жаңы жыл 1-январда башталат деген буйрук чыгарган. Аталган майрам Орусияга 1700-жылы жеткен. Ошол убактагы император Пётр I жаңы жылды майрамдоо демилгесин көтөрүп чыккан.

## 1 - Январь бардык өлкөдө жаңы жыл эмес

Дүйнө жүзүндөгү айрым мамлекеттер жаңы жылды башка күндөрү белгилешет. Мисалы, Кытай жана Вьетнам эли 21-январдан 21-февралга чейинки аралыкта майрамдашат. Ал эми еврейлер 5-сентябрдан 5-октябрь аралыгында жаңы жылды тосушат. Иран календары боюнча жашаган мамлекеттерде жаңы жыл 21-22-март күндөрү келсе, бангладештиктер 14-апрелди жылдын жаңырган күнү катары белгилешет. Жер жүзүндөгү мамлекеттердин бул майрамга болгон мамилеси канчалык түрдүү болбосун, баары бир расмий түрдө 1-январдан тартып кийинки жылдын саналышы башталат.

## Балатынын тарыхы

Алгачкы балаты 1513-жылы Германияда немис реформатору Мартин Лютердин үйүндө жасалгаланган. Ал рождество майрамынын алдында түн ортосунда үйүнө баратып асмандагы жайнап турган жылдыздарга суктанат. Үйүнө барып жылдыздарга окшоштуруп балатыга шамдарды илип көрөт. Алгач балатыны шам, алма, таттуу токочтор менен кооздошчу. Кийинчерээк пахта, кагаз, айнектен жасалган оюнчуктарга кезек келген. Орусияга бул салт император Пётр I дин убагында келген. Ал жаңы жыл астында көчөлөргө ийне жалбырактуу дарактарды кооздоп орноткула деп буйрук берет. Ошондон тарта балаты рождество майрамына карата гана эмес, жаңы жылдын урматына да жасалгалана баштайт. Кыргызстанда алгачкы коомдук балаты 1895-жылы 28-декабрда Бишкек шаарында жасалгаланган. Кийинчерээк Ленин «Балаты жасалгалоо – буржуаздык өнөр» деп бул нерсеге тыюу салат. Жаңы жылдык балатыга экинчи өмүрдү 1930-1935-жылдары Иосиф Сталин «Балдарга жомокту кайтарып берүү керек» деген ураан менен кайтарып берген. 1947-жылдан тарта 1-январь расмий түрдө календардагы кызыл күнгө айланган.

## Эмне үчүн оливье?

Оливье салаты – жаңы жылдык дасторкондун символу болуп калган салттуу тамак. Анын тарыхы 1860-жылдары француз ашпозчусу Люсьен Оливье Москванын “Эрмитаж” ресторанында ойлоп тапкан люкс тамагынан башталат. Советтер Союзу мезгилинде салаттын жөнөкөйлөтүлгөн версиясы кеңири тараган, анткени анын ингредиенттери – картошка, сабиз, маринаддалган бадыраң, жумуртка жана жашыл буурчак – арзан жана жеткиликтүү болгон.

Оливье салаты жаңы жылдык дасторкондун негизги тамагына айланышына анын жеткиликтүүлүгү, даамы жана майрамдык молчулукту көрсөтүү салты себеп болгон. Советтик кинофильмдер менен маданияттын таасири бул салатты жаңы жылдык символго айландырган. Бүгүнкү күндө да оливье ар бир үй-бүлөнүн майрамдык дасторконун толуктап, өткөн доордун салтын улантууда.

## Аяз ата жана аяз кыз тарыхы

Алгач жарыкка Аяз ата келген. Айрым өлкөлөрдө аны эргежээлден келип чыккан дешсе, айрымдар оюнчук саткан чалдын образынан жаралганын айтышат. Эң биринчи Аяз ата тон кийген киши болсо, кийин анын колуна мор тазалоочу таякча карматып (мор аркылуу белектерин таштап кетет деген уламыштан улам) ак жакалуу кызыл тон кийгизилет. Анын бул образына америкалыктар сакал кошушса, англиялыктар колуна белек салынган мүшөктү карматышкан. Аяз кыз – орустардын ойлоп тапкан каарманы. Анын жаралышы 1935-жылга туура келет.

## Жаңы жыл жөнүндө 7 кызыктуу факт:

1. 1895-жылы алгачкы электр гирляндасы менен американын Ак үйүнүн алдындагы балаты кооздолгон.

2. 1843-жылы Лондондо алгачкы жаңы жылдык открытка басылып чыгарылган. Ошондон тарта жаңы жылга открытка берип куттуктоо салты пайда болгон.

3. Дүйнө жүзүндөгү эң узун жасалма балаты Бразилиянын Рио-де-Жанейро шаарында орнотулган. Анын бийиктиги 76 метр болчу.

4. Бишкек (мурунку Пишпек) 1895-жылы Орто Азия чөлкөмүндө алгачкылардан болуп балаты орноткон. Алматы шаарында 1913-жылы, Ташкентте 1955-жылы коюлган.

5. Өткөн кылымдын орто ченинен тартып Кыргызстандагы бардык мектептерди жана бала-бакчаларды балаты кооздоп, жаңы жыл майрамын өткөрүүнү милдеттендиришкен.

6. Дүйнө жүзүндөгү аяз аталардын тону кызыл түстө. Ал эми кыргыз аяз атанын тону көбүн эсе көк болот.

7. Жаңы жыл майрамы үй-бүлөлүк майрам. Кыргызстандагы бул майрамдын негизги атрибуттары мандарин, оливье салаты жана шампанский.



**Гүлзар Максытали кызы**



&



# Диалогу

Өттү убакыт, өжөрлүгүн бербеген.
Өчпөй биз да кошуп келдик демге дем.
Балык жылы, кандай эмгек кыла алдың?
Баарлашкым келип турат сен менен.

Сурайсың да, кантип аны катамын!
Суктандырчу далай эмгек жасадым.
Толуктадык Кудай колдоп рейтингде,
“Төрт жылдыздуу университет” катарын.

Келдим эле мезгил санап, сагынып,
Суроолор көп, сен аныңдын баарын ук.
Бир нерсени кулак чалып калгансыйм,
Бүтүрүүчүлөрдөн эмне жаңылык?

Күткөн элем, бул суроону сунар деп.
Менде буга даяр турат улар кеп.
Париждеги олимпиада аяктап,
Күмүш алды Сейитбек уулу Мунарбек.

Оо, ОшМУ бул, жылдан жылга күчөгөн.
Окууга ач көкүрөктү бүтөгөн,
Жаңылыктан сурайынчы дүйнөлүк,
Жакшы жообуң барлыгына ишенем!

Мунуңа да жооп берем болумдуу.
Жаратканым ачык кылып жолумду.
Орто Азияда билим деңгээли менен,
Багындырдык он үчүнчү орунду.

Кубанчымды кучактагы угуп тур.
ОшМУбузга да бир сыймык сунуптур:
Билим берүү жаатында алып беш жылдыз,
Бийиктикке билим менен чыгыптыр.

Көңүлүңдү анда дагы бурайын.
Көөдөндөгү кубанычым сунайын.
Назгүл деген эжекебиз багынтты,
“Жылдын мыкты мугалими” сынагын.

Акталыптыр анда нечен үмүтүң.
Анда мен да эмгектенем күнү-түн.
Өткөрүпсүң юбилей сексен беш жылдык,
Куттуктаймын чын жүрөктөн бул үчүн.

Ооба, иштеп көңүлүмө толчу дейм.
Көп ийгилик жаратуучу болчу дейм.
Жыл алмашып бара жатат ушинтип,
Жылан жылы, сага даңгыр жол тилейм.

Анда эмесе, мен жолуңду улайын.
Ушул жолдо жемиштүү иш кылайын.
Жыл алмашкан сайын санап ийгилик,
Ача берсин жолубузду Кудайым.

**Авторлор: Айнара Баатырбек кызы, Аниель Куламжанова**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# ИЗДЕНҮҮНҮН АРТЫНДАГЫ ИЙГИЛИК

Ийгилик - бул бир бүтүн нерсе эмес, ийгиликти аракет, эмгек менен жаратуу ар бир адамдын өз колунда.

Адам эң биринчи өзүнүн жан дүйнөсүндө жашап жаткан "Менин колумдан келбейт" деген ишенимсиздикти жеңүү керек, андан кийин гана чөйрөсүндөгү тоскоолдуктарды оңой жеңе алат. Он жолу жыгылып, бирок ошону менен токтоп калбай кайра туруп жеңишке жетүү маанилүү. Рубрикабыздын бул чыгарылышында борбор калаабыз Бишкек шаарында болуп өткөн "Eco-Fashion. Kyrgyzstan-24" жаш дизайнерлер сынагынын баш байгесинин ээси, Педагогика, искусство жана журналистика институтунун 4-курсунун студенти Айзирек Муртова менен маек курдук.







***–Саламатсызбы? Бул сынакка кантип катышып калдыңыз?***

–Сынакты эң алгач интернет булагынан көрүп калгам. Бирок анда катышам деген ой болгон эмес. Кийин эжекелерим да сунуш кылып калышты, андан кийин катышуу чечимин кабыл алдым. Сынакка катышууда каражат жагынан окуу жай да жардам берди .Чечим чыгарууда, албетте, үй-бүлөм, жакындарым менен да кеңештим.

***–Сынакка сиз сыяктуу окуу жайдан башка студенттер да катыштыбы?***

–Ооба, ОшМУдан менден сырткары 2 студент катышты. Бизди окуу жайдан бир окутуучу жетектеп барды. Бул ийгиликке жетүүмө мугалимдеримдин салымы өтө чоң экендигин белгилегим келет.

***–Сынакка катышууда сизде коркуу болдубу?***

–Албетте, коркуу сезими болду. Башка катышуучулардын жасаган эмгегин көрүп сүрдөп, толкундандым. Баш байге ээси болом деп такыр ойлогон эмесмин, жеңиш мен үчүн күтүүсүз болду.

***–Сынак кандай шарттар менен өттү жана жалпы канча студент таймаштыңыздар ?***

–Сынак эки этап менен өттү,биринчи этапта 65 көргөзмө катышып, анын ичинен экинчи этапка 35 көргөзмө жолдомо алды. Алардын катарында менин эмгектерим да орун алды. Жыйынтыктоочу бөлүк Бишкек шаарында өтүп калыстардын баалоосу менен жеңишке жетти.

***–Сиздин жараткан эмгегиңиздин өзгөчөлүгү эмнеде болду?***

–Мен кышкы кийимдердин көргөзмөсүн даярдап чыктым. Кышкы күрмөнүн ичине кыркынды кездемелерди ,үйдөгү керектөөдөн чыккан кийимдерди салгам. Бул аракетим менен экологияга салым кошууну көздөгөм. Экинчи өзгөчөлүк катары бир эле кийимден бир нече образ жарата алгандыгымда болду.

***–Бул сынак сизге кандай шыктанууну жаратты?***

–Сынактан кийин менин колумдан келет экен деген мотивация пайда болду. Чоң максаттарым жаралып, өзүмө көбүрөөк ишеним арта баштадым.

***–Окуудан сырткары эмне менен алектенесиз?***

–Окуудан сырткары учурда иштейм.Үй-бүлөбүздүн жеке менчик тигүү цехи бар, ошол жерде чеберчилигимди өнүктүрүп жатам. Үйдө апам да дизайнерликке окугандыктан, кичинемден эле тигүүнү мыкты өздөштүрүп кеттим.10-класстан тартып кардарлардан буюртма алып, тиге баштагам. Кыз-келиндерге арналган кийимдердин баарын тигем.

***–Студенттерге кандай кеңеш бересиз?***

–Эң биринчи адамдын өзүнө болгон ишеними жогору болуш керек. Ар бир адам менин колумдан келет, жасай алам деп күн сайын өзүнө ишеним артып турганы жакшы. Билим алып, талыкпай эмгек жасап аракет кылганда гана ийгилик жылмаят .

***–Маегиңиз үчүн ыраазычылык билдирем. Ийгилик жаратууңузда чектөө болбосун!***

*Достор биздин негизги максат "Нур" гезити аркылуу студенттердин ийгиликтерин,чыгармачылыктарын башкалар менен бөлүшүү болуп саналат.Сиз дагы ийгиликтериңиз менен бөлүшкүңүз келсе, кийинки чыгарылышта биздин каарманыбыз болууга аракет кылыңыз!*

**Айганыш Нурлан кызы**

# ОШМУНУН 8 СТУДЕНТИ ПРЕЗИДЕНТТИК СТИПЕНДИЯГА ЭЭ БОЛДУ

Президент Садыр Жапаров 16-декабрда Кыргызстандын жогорку окуу жайларында окуган 90 мыкты студентке президенттик стипендияларды тапшырды.

Президенттик стипендияга быйылкы жылы ОшМУнун 8 студенти ээ болду. Алар - Мунарбек Абдувалиев, Беназир Матиева, Бекболсун Сатыбаев, Барсбек Айталиев, Эшбай кызы Феруза, Буайша Тилебалдыева, Калысбек кызы Таңсулуу жана Мехрибану Нурматова.

Жеңүүчүлөр 2023-2024-окуу жылынын жыйынтыгы менен президенттик стипендияга талапкерлерди аныктоо боюнча тандоо турунун жыйынтыгы менен тандалып алынган. Анда студенттердин окуудагы, илимдеги, спорттогу жана коомдук иштердеги мыкты жетишкендиктери каралган.

Сыйлык жалкы, сыймык жалпы демекчи, ОшМУда окуп жаткан студенттер ийгилик жаратса, студентттин эле ийгилиги эмес жалпы ОшМУнун ийгилиги болуп саналат. Андыктан, кубанычы койнуна батпай турган сыймыктуу студенттерибиз менен жакындан таанышып, кененирээк маалымат алдык.

Эскерте кетсек, президенттик стипендия 60 мин сом өлчөмүндө тапшырылган.









## Феруза Эшбай кызы: *«Өзүңдү издөө үчүн эч качан кеч болбойт»*

Мен, Эшбай кызы Феруза, 2003-жылы Ош шаарында төрөлгөм. 2021-жылы Уркуя Салиева атындагы зээндүү балдардын жатак-лицейинде математика жана информатика багытында окуп бүтүргөм. Учурда ОшМУнун Филология жана маданият аралык коммуникация институтунда окуйм. Стипендияга 2- курстан аракет кылып баштадым. Анткени, өзүмдүн жолумду табуу кыйынга турду. Бирок кыз бала өзү үчүн кылган эң сонун жакшылык бул - окуу экен. Тез окуу курсунда окуп, тренер болдум. Окуу борборлорунда иштедим.

Эч качан өзүңдү издөө үчүн кеч болбойт, жакшы тараптан издеп, потенциалды көтөрүү үчүн дагы алдыда коп мүмкүнчүлүктөр бар. Англис тили, орус тили, кытай тили, компютердик курстарында окудум. Андижан шаарында мобилдүүлүк боюнча бир айлык окуудан өттүм. 2023-жылы аймактык олимпиадага катышып, 1- орунга ээ болдум.

Ата-энеме, мени окуткан агай-эжекелерге ыраазычылык билдирем. Окуткан агай-эжекелерим жол көрсөтүп, багыт берип турушту. Атамдын батасы, эжекелеримдин тилеги менен жетише алдым десем болот. Анан да өз кесибиме дилгирлик менен аракет кылып компетенттүү мугалим болууга өзүмө ишенем жана аракет кылам!

## Буайша Тилебалдыева:
## *«Себебин кылгыла, а калганын жаратканга койгула»*

Мен, Буайша Тилебалдыева, 2003-жылдын 5-февралында Ош областына караштуу Чоң-Алай районунун Жар-Башы айылда төрөлгөм. Өзүмдү билимге жана жаңы тажрыйбаларга кызыккан адам катары тааныштыргым келет. Азыркы учурда Ош мамлекеттик университетинин Математика физика техника жана маалыматтык технологиялар интитутунун 4-курсунун студентимин. 1-курстан тартып ар кайсы уюмдарда ыктыярчы болуп, коомдук иштерге активдүү катышып баштагам. Кийин факультеттик, университеттик, шаардык, облусттук, республикалык деңгээлдеги илимий конференцияларга, маданий иш-чараларга катышып, көптөгөн ийгиликтерге жетише алдым. Алардын ичинен эң чоң ийгилигим студенттердин "Нобел" сыйлыгы болгон президенттик стипендия болду. Бул сыйлыкка жетүүмдүн артында ата-энемдин дубасы, жакындарымдын колдоосу турат жана да окуу жайымдын эмгек жамааты, окутуучуларымдын салымы чоң. Баарына ыраазычылык билдирүү менен бирге мындан аркы иштерине ийгилик каалап кетем. Жашоомдо алдыма коюлган максаттарга жетүү үчүн үзгүлтүксүз аракет кылып келем. Мен үчүн эң маанилүүсү- өзүмдү ар тараптан өнүктүрүп, коомго пайда келтирүү.

Урматтуу студент достор! Ийгиликке жетүү үчүн, алдыга так максат коюп, ага жетүү үчүн тынымсыз аракет кылыш керек.



Кыйынчылыктарды жеңе билүү, каталардан сабак алып, алдыга гана умтулуу эң сонун сапаттардын бири. Себебин кылгыла а калганын жаратканга койгула, буюрса ийгилик сөзсүз жылмаят.



## Бекболсун Абдыкадыров:
## *«Көп адам бирөөнүн жетеги астында жашайт»*

Студенттик убак - не бир күлгүн курак. Ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон тайпалаштар, түрдүү типтеги окутуучулар, жаңы шаар жана андагы жаңылыктар бул нерселер айылдан шаарга келген студент үчүн не бир кызык ары кубанычтуу көз ирмемдер. Мен да ушул сыяктуу Баткен районуна караштуу тоолуу Рават айылынан, ордолуу Ош шаарына келдим. Бир келген өмүрдө студенттик доорду сүрүү мага насип болгонуна чексиз ыраазымын. Менин студент досторум үчүн кызык болуп жатса керек Президенттик "Үмүт" стипендиясын жеңген бул жигиттин ата-энеси бай, чоң кызматта иштеген таасирдүү кишилер окшойт деп. Бул жаңылыштык. "Анда кантип алды стипендияны?" деген суроого мен төмөнкүчө жооп берер элем:

Урматтуу, студент дос, бул жашоого биз бир эле жолу келебиз. А дал ошол өмүрдү кандай өткөрүү биздин колубузда. Бир үйүм, унаам жана үй-бүлөм болсо эле болду деп кол куушуруп, кичинекей максат менен чектелип калбастан бийик максат коюп, терең ойлонуп, алдыга карай олуттуу кадам таштап өмүр сүрүүгө эмне жетсин. Бул үчүн болгону изденүү, аракет жана тайманбастык менен кошо туруктуулук керек болот. Баса, дагы эң маанилүү нерсе, биз жашообуздун автору өзүбүз болушубуз керек деймин. Анткени ошол жазууларды окуганда кийин биз түшүнө тургандай болгонубуз, биздин чоң жеңишибиз. Тилекке каршы көп адам бирөөнүн жетеги астында жашайт. Өз алдынча эмес. Бул дегеним өзүң бил, өтүгүңдү төргө ил, керек болсо ата-энеңди укпа дегенди түшүндүрбөйт. Болгону өзүң кызыккан тармакка карап билим ал, умтул! Оптимистик маанай жашоонун түрдүү дарыясын кечип, ашуусун ашып өтүүгө баарыбыз жапа тырмак аракет кылалы. Айтчу көп сөзүм бар. Бирок, гезит бети чектелүү болгондуктан, ушуларды гана жазууну туура көрдүм. Мен силерге ар дайым ийгилик жана жакшылык каалайм! Урматым менен, Бекболсун!

## Тансулуу Калысбек кызы:
## *«Я стараюсь узнать новое и становиться лучше»*

Здравствуйте! Я, Калысбек кызы Тансулуу родилась 5 июля 2003 года в Кара-Кулже. Являюсь студенткой 4-го курса Кыргызско-Китайского факультета при ОшГУ. Когда я узнала, что прошла на Президентскую стипендию, я обрадовалась, но думала, что у меня мало шансов, потому что вокруг было много ребят, которые тоже хорошо учились и активно занимались научной и общественной работой. Когда меня назвали на награждении, я очень сильно обрадовалась и чуть не заплакала. До последнего не верила, что буду стоять рядом с нашим президентом Садыром Нургожоевичем Жапаровым и получу из его рук награду.

В школе я была очень активной, всегда участвовала в олимпиадах и различных конкурсах. После окончания школы с отличием поступила на любимый кыргызско-китайский факультет. Здесь я сразу подключилась к учебе и к общественным делам, участвовала в конкурсах по китайскому языку, удостоилась званий «Лучший студент Содружества Независимых Государств 2022», «Лучший студент лагеря в Китае», писала статьи по экологии. Кроме того я участвовала в проекте ЮНИСЕФ «Девочки в науке», марафоне писем, образовательной программе «Street Law» и проекте «Мы вместе» (обучение по теме медиации и СММ-программы, где сама выступала ментором). В 2024 году я стала участницей «Глобального



фестиваля молодёжи», который проходил в Республике Узбекистан.

Главное — я стараюсь узнать новое и становиться лучше. Выражаю благодарность своим родителям за поддержку. Это очень важно.



## Мехрибону Нурматова:
### *«Коомдук иштерде активдүү болуу — менин жашоомдун ажырагыс бөлүгү»*

Мен, Нурматова Мехрибону Элдоровна, 2003-жылдын 9-декабрында Жалал-Абад облусуна караштуу Ала-Бука районунун Баястан айылында туулганмын. Учурда ОшМУнун Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун 4-курсунун студентимин. Ар бир адамдын жашоосунда кээ бир жетишкендиктер маанилүү чекит катары сакталып калат. Мен үчүн Президенттик стипендия — жөн гана сыйлык эмес, менин тынымсыз эмгегимдин, аракетимдин жана максатка болгон умтулуумдун бааланусу деп ойлоймун. Бул стипендияга жетишүү оңой болгон жок, аны ак эмгек менен жеңип алдым деп ишенем.

Биринчи курстан баштап ар түрдүү университеттик, аймактык, республикалык жана эл аралык илимий конференцияларга, олимпиадаларга жана чыгармачыл долбоорлорго активдүү катышып көптөгөн ийгиликтерге жетише алдым. Бул жетишкендиктер мага дагы да изденүү жана чыгармачылык менен иштөөнүн маанисин үйрөттү. Окуу гана эмес, коомдук иштерде активдүү болуу — менин жашоомдун ажырагыс бөлүгү.

Ар бир жетишкендик — чоң максаттарга карай бир кадам. Президенттик стипендияга жетишүү менин келечектеги ой-максаттарыма ишеним кошуп, мындан ары да талыкпай иштөөгө шыктандырды. Келечекте өлкөбүздүн өнүгүүсүнө өз салымымды кошуу, илим-билимди жайылтуу жана коомго пайдалуу адам болуу менин эң негизги максатым. Менин оюмча бул жетишкендикке жетишишиме себепчи болгон эң алгачкы түрткү - бул ата-энемдин, бир туугандарымдын жана окутуучулардын мага болгон ишеничи. Алар ар дайым мага ишенип, колдоо көрсөтүп келишти. Алардын насааттары мага жол көрсөтүп, ар бир кыйынчылыкта күч-кубат берип турду. Бул колдоолор болбосо, мен максатыма жетүүдө мынчалык ишенимдүү боло алмак эмесмин.

Кымбаттуу студент достор, силерге айтарым, мындай колдоо көрсөтүү биздин өлкөбүздүн келечегине жасалган инвестиция деп эсептейм. Ар бир жетишкендиктин артында аракет, туруктуулук жана максатка болгон ишеним турат. Ийгиликке жетүүнү каалаган ар бир адам өз кыялын ишке ашыруудан коркпошу керек жана эмгектенүүнү биринчи орунга коюшу зарыл. Ийгиликке жетүү өз колубузда.

## Барсбек Айталиев:
### *«Юриспруденция адистиги боюнча алгачкы президенттик стипендиат болуу мага буюруптур»*



Мен, Айталиев Барсбек, 2003-жылы Кыргызстандын өзгөчө кооз жерлеринин бири болгон Өзгөн районунун Чаңгет айылында төрөлгөм. 2021-жылы Илияз Жумабаев атындагы №61 орто мектебин ийгиликтүү аяктап, алдыма чоң максаттарды койгом. Учурда Ош мамлекеттик университетинин Тарых жана юридика институтунун юриспруденция адистигинде 4-курста билим алып жатам.

Президенттик стипендия тууралуу алгач 1-курста укканымда, бул жөн гана бир сыйлык эмес, чыныгы лидерликти, эмгекти жана билимди баалаган зор таануу экенин түшүнгөм. Андан бери бул максатка жетүү үчүн талыкпай иштеп, шаардык, облустук жана республикалык деңгээлдеги илимий-конференцияларга жана сынактарга катышып, бир катар байгелүү орундарды ээлегем. Бирок алардын арасынан эң бийик чоку – президенттик стипендия болду. Бул стипендия менин гана жеке жетишкендигим эмес, бул ОшМУнун да тарыхындагы маанилүү учур деп ойлойм. Анткени ОшМУнун юриспруденция адистиги ачылганына туура 32 жыл болду, жана ушул мезгил ичинде бул адистиктеги алгачкы президенттик стипендиат болуу сыймыгы мага буюрганы өзгөчө кубаныч тартуулайт. Мындай жетишкендик оңойдо турган жок. Ар бир ийгилик – талыкпас эмгектин, эртеңки күнгө болгон ишенимдин жана мени колдогон адамдардын аркасында болду. Мен Жаратканга чексиз ыраазымын, анткени бардык жакшылыктын башаты – анын ырайымы. Ошондой эле ар дайым менин артымда турган, күч берип, үмүт байлап келген ата-энеме, бир туугандарыма жана агай-эжекелериме терең ыраазычылыгымды билдирем! Бул жетишкендик – бул менин максатыма болгон чексиз ишенимимдин, ОшМУнун атын чыгарып, мекениме пайда алып келүүмө болгон умтулуумдун бир далили. Мен өзүмө ишенген адамдардын ишенимин актаганга дайым даярмын!

# ЭЛМИРБЕК ИМАНАЛИЕВДИН НУСКАЛУУ СӨЗДӨРҮ:

*Жолдорубуз кеңейген сайын — көз караштарыбыз тарып баратат.*

*Чоң үйлөрдү салабыз, а анда жашагандар аз.*

*Билимдин күчтүүсүн алабыз, бирок акылыбыз аз иштейт.*

*Көп сүйлөйбүз, бирок түшүндүрө албайбыз.*

*Туура жолду билебиз, бирок кыйналып жашайбыз.*

*Чоң иштерди сүйлөйбүз, кичине иштерди кыла албайбыз.*

*Шашканды үйрөндүк, бирок күткөндү унуттук.*

*Интернетте досторубуз көп, жашоодо эч кимибиз жок...*

*Көптү пландайбыз, азга жетебиз.*


*Сүйүүнү көп сүйлөйбүз, бирок көп жек көрөбүз.*

*Унааларыбыз тез жүрөт, бирок туугандарга такыр жетпейбиз.*

*Билимге умтулабыз, бирок баалуулуктарды жоготтук.*

**Элена Аданова**

# КОСМОСКО КӨЧҮҮ



Космоско көчүү идеясы акыркы жылдары адамзат үчүн чоң кызыгууну жаратты. Бул концепциянын башталышы экологиялык көйгөйлөрдөн келип чыккан. Космоско көчүүнү изилдегендердин бири – Иллон Маск. Ал өзүнүн SpaceX компаниясы аркылуу Марска адам жөнөтүү пландарын түзүп жатат. Бул идеянын негизинде Маск адамзатты экологиялык кырсыктардан коргоо мүмкүнчүлүгүнө ишенет. Анда эмесе Масктын амбициялуу пландары жана аларды ишке ашыруунун этаптары жөнүндө учкай карап чыгалы.

## Илон Маск жана космоско көчүү идеясы

Илон Маск – дүйнөдөгү эң таасирдүү ишкерлердин бири, ал өзүнүн инновациялык долбоорлору, тажрыйбалуу жетекчилиги жана космоско болгон кызыгуусу менен белгилүү. Өзүнүн SpaceX компаниясын негиздегенден бери Маск космосту изилдөө жана адамдарды башка планеталарга жеткирүү үчүн ар түрдүү амбициялуу максаттарды көздөп келет. Анын негизги идеясы – адамзаттын жашоосун башка планеталарда улантууга мүмкүндүк берүү. Маск планетадагы ресурстар чектелүү жана экологиялык кырсыктарды алдын алуу үчүн адамзат өз жашоосун космоско көтөрүүгө тийиш деп эсептейт.

## Масктын башкы идеясы

Илон Маск космоско көчүү идеясы менен адамзаттын келечеги үчүн чоң жоопкерчилик алып жатат. Ал SpaceX компаниясын негиздегенде, өзүнүн негизги максатын ааламды изилдөө жана адамдарды космоско жөнөтүү үчүн эффективдүү, көп жолу колдонулуучу ракеталарды иштеп чыгуу деп белгилеген. Маск адамзат өзүнүн жашоосун жердин чегинен тышкары жайгаштыруу аркылуу гана экологиялык жана климаттык кризистен, согуштардан жана башка глобалдык коопсуздук коркунучтарынан корголсо болот деген ойго келген.

Маск Марс планетасын өзүнүн негизги максаты катары көрөт. Ал Марсты колониялаштыруу, бул жерде жер бети менен байланыштырып, туруктуу адам жашоосу үчүн шарттарды түзүү керектигин айтат. Ал өзүнүн Starship ракета системасынын көмөгү менен космоско саякаттарды арзан жана коопсуз кылууга ниеттенет. Маск жана анын командасы SpaceX аркылуу адамзаттын Марс жана башка планеталарга жетишине өбөлгө түзүүдө.

## Космоско жолду ачуучу технологиялар

SpaceX компаниясы космос технологияларын өнүктүрүүнүн алдыңкы аянтына айланган. Компаниянын биринчи чоң жетишкендиги – көп жолу колдонулуучу Falcon 9 ракетасынын жана Dragon космос кемесинин ийгиликтүү ишке кириши болду. Бул технологиялар адамдарды космоско жөнөтүү жана жерге кайра кайтуу үчүн иштелип чыккан, ал эми Маск SpaceX'ти Марс менен башка планеталарга адамдарды жеткирүүгө даяр кылуу үчүн алдыга жылдырууда.

Маск сунуштаган Starship ракета-системасы – SpaceX компаниясынын эң амбициялуу долбоору болуп саналат. Starship ракета көп жолу колдонулуучу чоң система болуп, анын негизги максаты – адамдарды жана жүктөрдү Марс жана башка ааламдык максаттарга жеткирүү. Бул ракета бүгүнкү күндө космоско адамдарды жеткирүүнү жакшыртууга жана анын арзандыгын камсыздоого багытталган. Маск белгилегендей, көп жолу колдонулуучу ракета ишке киргизилгенде, космоско саякат арзан болушу мүмкүн, бул өз кезегинде адамзаттын Марска көчүшү үчүн негизги фактор болуп калат.

## Марс - жашоого ылайык планета

Марс планетасы адамзаттын келечеги үчүн эң ылайыктуу жер катары каралууда. Маск Марс жерге окшош, бирок андагы атмосферадагы шарттар жердеги адамдар үчүн жашоого мүмкүн эмес деген көз карашты карманышы менен, ал жерде жашоого мүмкүнчүлүктөрдү түзүү боюнча кеңири изилдөөлөрдү жүргүзүүдө. Ал өзүнүн максаттарына жетүү үчүн Terraforming (жер бетиндеги атмосферанын жана экосистеманын шарттарын өзгөртүү) деген концепцияны сунуштайт. Марс планетасында суу, энергия жана азык-түлүк маселелерин чечүү үчүн чоң изилдөөлөр жана иш аракеттер жүргүзүлүп, акырында ал жерде туруктуу колонияларды түзүүгө мүмкүнчүлүк болот.

Алгачкы кадамдар – бул Марс үчүн атайын инфраструктураларды түзүү, тамак-аш жана суу үчүн жабдууларды орнотуу жана экосистеманы түзүү. Маск белгилегендей, эң негизги баскыч – бул SpaceX ракета системасы менен Марска жетүү жана кайрадан Жерге кайтуу. Адамдарга тийиштүү технологияларды жана ресурстарды алып баруу аркылуу Марс ааламдагы экинчи үйүбүзгө айланууга мүмкүнчүлүк алышы мүмкүн.

## Мүмкүнчүлүк же утопия?

Масктын космоско көчүү концепциясы – бул эң чоң жана амбициялуу долбоорлордун бири. Бирок, бул идея өзүнө көптөгөн техникалык жана экономикалык көйгөйлөрдү камтыйт. Маск жана анын командасы азыркы учурда космостук саякаттарды көп жолу колдонулуучу ракета системаларынын жардамы менен кыйла арзан жана коопсуз кылууга аракет кылууда. Ошентсе да, космоско адамдарды жөнөтүү жана Марс планетасын колониялаштыруу үчүн абдан чоң инвестициялар, заманбап технологиялар жана жаңы чечимдер керек.

Маск көбүнчө технологиялардын тез өнүгүшү менен ааламды колониялаштырууга мүмкүнчүлүк ачылат деп айтып келет. Бирок бул процесстин өтө узак убакытты талап кыларын жана чын эле ишке ашыруунун чеги бар экенин да түшүнүү керек.




**Элена Аданова**

# КЕСИПТИК ӨНҮГҮҮ ЖАНА ЖЕКЕ ӨСҮШ

Мугалим болуу - бул жөн гана кесип эмес. Бул ары түйшүктүү, ары жоопкерчиликтүү кесип. Мындай миссияны аткарып келе жаткан мугалимдердин бири — Нурдин уулу Сымбатбек агай. Ал учурда Эл аралык билим берүү программалары колледжинде англис тилинен сабак берет. Бул маекте Сымбатбек агай өзүнүн мугалимдик ишмердүүлүгүн, студенттер менен болгон мамилесин, кесиптик өнүгүүсүн жана жекече өсүшүн кандай жолдор менен өркүндөтүп жатканын, ошондой эле максатка жетүү жолунда кандай принциптерди карманарын айтып берди.



***–Саламатсызбы, өзүңүздү тааныштырып жана кесибиңиз сиз үчүн кандай жоопкерчиликтерди жүктөйт, айта кетсеңиз?***

–Мен, Нурдин уулу Сымбатбек, Кара-Кулжа районуна караштуу Алайкуу айыл өкмөтүнүн Көк-Арт айылынан болом. 2018-жылы ОшМУ Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетине тапшырып, 2022-жылы ийгиликтүү аяктадым. Азыркы учурда Эл аралык билим берүү программалары колледжинде англис тили мугалими болуп эмгектенем. Мугалим болуу – ары татаал, ары жоопкерчиликтүү, ошол эле учурда кызыктуу жана шыктандыруучу кесип. Менин ишимдин негизги максаты – студенттерге ушул тилдин сырларын ачып, аларга жаңы билим дүйнөсүнө жол көрсөтүү. Мугалим катары менин башкы милдетим – алардын түшүнүгүн жана ишеничин арттыруу, сабактарда кызыктуу жана натыйжалуу ыкмаларды колдонуп, тил үйрөнүүнү жеңил жана жагымдуу кылуу.

***–Студенттер менен кантип иштешесиз?***

–Ар бир студент өзүнө гана таандык мүнөзгө жана жөндөмгө ээ. Ошондуктан, ар бир студент менен индивидуалдуу иштөөгө, алардын психологиясын түшүнүүгө жана керектүү шарттарды түзүүгө дайыма аракет кылам. Индивидуалдуу мамиле мугалимден сабырдуулукту, тактыкты жана ар тараптуу даярдыкты талап кылат. Бул иште ар бир студенттин өзгөчөлүгүн жана эмоционалдык абалын түшүнүп, аларга ишеним жана колдоо көрсөтүү негизги принцип экенин байкадым. Ар биринин ийгилиги – мен үчүн чоң сыймык.

***–Студенттердин тил деңгээлин жакшыртуу үчүн кандай ыкмаларды колдонуп жатасыз?***

–9 база 2-курстун студенттери учурда pre-intermediate деңгээлде билим алып жатышат. Бул студенттер грамматикалык структураларды түшүнүп, сөз байлыгын кеңейтүүдө. Бирок алардын тилдик деңгээлин жакшыртуу үчүн кошумча практика жана багыт берүү зарыл. Колледждеги негизги сабактардан сырткары, студенттер менен биргеликте сөз байлыкты кеңейтүү максатында кошумча сөздүк китепче тандап алганбыз, ал сөздүктөн ар ай сайын 600 сөзгө жакын жаңы сөздөрдү жаттоо тапшырмасын берип келем. Андан сырткары угуу, жазуу, сүйлө көндүмдөрүн арттыруу үстүндө да заманбап методдорду колдонуудамын.

***–Кесиптик өнүгүү жана жеке өсүш үчүн эмнелерди жасап келесиз?***

Өзүм студент кезде окуу жана иштөө программалары аркылуу чет өлкөгө барып келчүмүн. Учурда англис тилин дагы да жакшыртуунун үстүндө иштеп келем жана китеп окууга үзгүлтүксүз убакыт бөлүүгө аракет кылам. Учурда окуп жаткан китебим конкурска карата "Сынган Кылыч" 1-2-тому жана "Адам адеби". Деги эле адам ар дайым изденип, өнүгүүнүн жана өсүүнүн жолунда болушу керек. Сабактарда интерактивдүү ыкмаларды колдонуп, жеке өзүмдүн дагы сүйлөө жана угуу көндүмдөрүмдү жакшыртууга өзгөчө көңүл бурам.

***–Өзүңүздүн кесиптештериңиз туралуу эки ооз сөз айта кетсеңиз.***

Биздин колледждин ийгилиги анын жетекчилигинин жана ынтымактуу коллективдин биргелешкен иш-аракеттеринин жыйынтыгы деп эсептейм. Биз агайлар жамааты бир гана билим берүү менен чектелбестен, ден соолукту чыңдоо үчүн спорттук оюндарды да уюштурабыз. Волейбол, футбол, теннис сыяктуу оюндар жуманын белгилүү күндөрүндө директор Рамашов Кумарбек Акматалиевич жана чет тили бөлүмүнүн жетекчиси Жалиев Бекмамат Кутбидинович агайлардын демилгеси менен өткөрүлөт. Жогоруда аты аталып кеткен агайларыбыз өздөрүнүн тажрыйбалары менен бөлүшүп өз иштеринде мыкты лидер болуп, бизге баалуу кеңештерин берип, ар дайым колдоо көрсөтүшөт. Биздин коллективдин мүчөлөрү өз ара түшүнүшүп, шайыр-шаттыкта иштешет. Мындай ынтымактуу жана чыгармачыл атмосфера биздин колледждин өнүгүүсүнө чоң салым кошот.

***–Деги эле максатка жетүү үчүн эмне кылуу керек?***

Ар бир күн жаңы мүмкүнчүлүктөргө жана өсүү жолдоруна толгон. Жашоодогу тоскоолдуктар бизди токтотуу үчүн эмес, өзүбүздү кайрадан ачууга, күчтүү жактарыбызды өнүктүрүүгө жардам берүү үчүн жолугат. Жашоодо жакындарымдын колдоосу чоң дем-күч берет айрыкча мага ата-энем жакшы сөзүн айтып, ар дайым ак батасын берип келет. Аларга терең ыраазычылык билдирем. Эң маанилүүсү – максаттан тайбоо жана ар бир сыноону жаңы башталыш катары кабыл алуу. Эл арасында айтылып жүргөн сөз бар го: "Чыныгы жеңиш – бул ар бир кыйналып ташталган кадамдан кийин кайра ордуңа келип, максатыңа жетүүгө умтулуу" деген. Жашоо – бул атаандаштык эмес, өзүңө татыктуу болуунун жолу. Ар бир адам өз бактысын өз колу менен кура алат. Бул үчүн өзүңө ишенип, ар бир учурду баалап, максаттарыңды унутпай алга жылуу жетиштүү. Бактылуу болуу үчүн эң негизгиси – өзүңдү табуу жана ар бир күндү туура пайдалана билүү. Баарыңыздарга бекем ден соолук жана ийгиликтерди каалайм!

***–Маек үчүн рахмат, ишиңизде ийгиликтер боло берсин!***



**Элена Аданова**

# БИР СҮРӨТТҮН ТАРЫХЫ



Сүрөттүн аталышы: «Балатыны коздоо 1963».

Автору: Сергей Павлович Викторов (1916-1977).

Жазылган жылы: 1963-жыл

Стиль: Реализм.

Техника: Майлуу боёк.

## "БАЛАТЫНЫ КООЗДОО 1963"

Сергей Викторовдун «Балатыны коздоо 1963» аттуу эмгеги советтик искусствонун классикалык мисалдарынын бири болуп эсептелет. Бул сүрөт жашоонун жөнөкөй, бирок жылуу учурларын чагылдырган чыгармалардын катарына кирет. Ал балдардын жаңы жылдык майрамга даярдык көрүп, чыршыны коздоп жатканын сүрөттөйт. Эмгек Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги оптимизмди жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга басым жасаган советтик маданияттын маанайын чагылдырат.

## ТАРЫХЫ ЖАНА КОНТЕКСТИ:

**Чыгарманы жаратуунун мезгили:** 1963-жыл – бул СССРде салыштырмалуу туруктуулук жана модернизация мезгили болгон. Элдин көңүлү турмуш-тиричиликке, маданиятка жана жаңы жылдык майрам сыяктуу салтанаттарга бурулган. Сүрөттөгү атмосфера ошол жылдардагы жаңы жылдык майрамдарды мүнөздөйт.

**Балдар жана майрамдык салттар:** Сүрөттө балдардын балатыны коздоосу – бул СССРдеги кеңири жайылган салтты билдирет. Балатыны үй-бүлө менен коздоо жаңы жылды майрамдоонун башкы бөлүгү эле.

Социалдык символизм: Сүрөт элеттик үй-бүлөнүн турмушун жана совет элинин жөнөкөйлүгүн даңазалаган.

## КЫЗЫКТУУ ФАКТЫЛАР:

**Боёктор жана жылуулук:**

Викторов жандуу жана жылуу түстөрдү колдонуп, майрамдын шаңдуу жана кооз маанайын чагылдырат.

**Балаты коздоонун мааниси:**

СССРде оюнчуктар көп учурда кол менен жасалган. Сүрөттөгү коздоолор кол өнөрчүлүктү жана элдик чыгармачылыкты да чагылдырат.

**Сүрөттүн идеясы:**

Бул эмгек чындыкка жакындыгы жана жандуулугу менен айырмаланат. Бул жаңы жылга даярдык көрүүнүн жалпы элдик рухун чагылдырат.

Бул чыгарманы көрүүчүлөр балалыктагы майрамдар, үй-бүлөлүк баалуулуктар жана жөнөкөй жашоодогу өзгөчө учурлар тууралуу эстеп, позитивдүү сезимдерди алат.

**Советтик доордогу жаңы жылдын мааниси**

Советтик мезгилде Рождество майрамы көп жылдар бою расмий түрдө белгиленбей калгандыктан, жаңы жылдын майрамы анын ордун толтурган. Бул салт совет эли үчүн үй-бүлөлүк чогулуштар менен коштолгон маанилүү социалдык жана маданий окуя болгон. Балатыны коздоо советтик үй-бүлөлөр үчүн гана эмес, бүткүл коомдун символу катары каралган.

**Балдардын ролу жана сүрөттөгү гармония**



Сүрөттө балдар балатыны коздоп жатканын көрүүгө болот. Бул – жаңы муундун келечекке умтулуусун жана аларга байланыштуу үмүттөрдү чагылдырган символ. СССРде балдар тарбиясына жана аларды коллективдүү иштерге тартууга өзгөчө басым жасалган. Сүрөт ушул идеяны жылуу жана боорукер ыкмада берет.

**Оюнчуктардын тарыхы**

Советтик чыршы оюнчуктары ошол мезгилде чоң мааниге ээ болчу. Аларды заводдордо чыгарышчу, кээде майрамга карата атайын коллекциялар жасалчу. Ошол эле учурда, көптөгөн үй-бүлөлөр оюнчуктарды кол менен жасашчу – бул процесске бүт үй-бүлө катышып, майрамдык даярдык өзүнчө майрамга айланчу. Сүрөттөн мындай жылуу учурлардын атмосферасын байкоого болот.

**Викторовдун стили жана эмгеги**

Сергей Викторов жашоонун жөнөкөйлүгүн, адамдардын турмушунун чыныгы жактарын сүрөттөгөн сүрөтчү катары белгилүү. Анын эмгектеринен адамдык жылуулук жана позитивдүү энергия сезилет. «Балатыны коздоо» сүрөтүндө ал күнүмдүк турмушту көркөм чагылдыруунун чеберчилигин көрсөтүп, ошол замандын эстетикасын жана рухун өзгөчө кылып жеткирген.

**Көрүүчүнүн эмоциясы**

Викторов бул эмгегинде оптимизм жана жакшылыкка умтулуу сезимдерин козгойт. Анын жылуу түстөр палитрасы жана балдардын аракеттери көрүүчүнүн жүрөгүндө бейпилдик жана коздук сезимдерин ойготот.

Бул эмгек көркөм искусствонун гана эмес, ошол мезгилдеги күнүмдүк жашоонун да күзгүсү болуп саналат. Ал тарыхый документ катары да баалуу.

**Малика Токтосунова**

# КЫШ МЕЗГИЛИНДЕ ДЕН СООЛУККА КАМ КӨРҮҮ



Кыш мезгили – жылдын эң суук жана ызгаарлуу мезгили. Айлана аппак карга бөлөнүп, көк муз жана төмөнкү температура өкүм сүрөт. Бул мезгилде көптөгөн адамдар суукка чыдабай, ар кандай ооруларга кабылып жатышат. Кол-буттун муздап, дененин суукка чыдамсыздык көрсөтүшү, жөтөл, баш оору, сасык тумоо сыяктуу белгилер байкалат. Ошондой эле, иммунитеттин начарлашы, гипотермия жана башка оорулар пайда болушу мүмкүн. Эгерде сизде жогорудагы белгилер байкалса, демек, сиз кыш мезгилине толук даяр эмессиз.

Кыш мезгилине даярдануу жана ден соолукту чыңдоо үчүн төмөндөгү сунуштарды колдонуу ден соолукту сактап калууга жана ар кандай оорулардан коргоого жардам берет.

## 1. Витаминдерге бай азыктар менен тамактануу

Кыш мезгилинде организмге көп энергия жана иммунитетти чыңдоочу витаминдер керек. Витаминдер, минералдар жана антиоксиданттар бай азыктар менен тамактаныңыз. Кыш мезгилинде организмге эң керектүү витаминдер – бул C, D жана B витаминдери. Мына ушуга байланыштуу, кыш мезгилинде рационду туура түзүү маанилүү:

- **C витамини:** Лимон, апельсин, бал, малина сыяктуу жемиштер жана өсүмдүктөр дене үчүн антиоксидант катары маанилүү. Алар иммунитетти күчөтүп, сасык тумоо, жөтөл сыяктуу оорулардан коргоого жардам берет.
- **D витамини:** Кыш айларында күн нуру жетишсиз болгондуктан, D витаминин колдонуу сунушталат. Ал сөөк системасын бекемдеп, иммунитетти чыңдоого жардам берет.
- **B витаминдери:** Энергия берүүчү жана нерв системасын чыңдоочу азыктар. Бул витаминдерди бүт азык-түлүктөрдөн (буудай, күрүч, үрмө куту, балык) алса болот.

Андан сырткары, жер жемиштер жана шорпо да организмди азыктандырган жана жылуу кармаган азыктар болуп эсептелет. Бал, имбирь, лимон да иммунитетти чыңдап, дененин жылуулугун сактоого жардам берет.

**Суу:** Сууну жетиштүү ичүү да маанилүү. Кышында көп адамдар суу ичүүнү токтотушат, бирок бул туура эмес. Организмдин суу балансы бузулса, теринин кат алуусу, энергиянын аздыгы жана башка көйгөйлөр пайда болушу мүмкүн. Кышкы аба ырайында сууну 1,5-2 литр өлчөмүндө ичүү сунушталат.

## 2. Иммунитетти чыңдоо

Кыш мезгилинде иммунитеттин чың болушу абдан маанилүү. Дайыма үйүңүздү желдетип туруңуз, бөлмөлөрдөгү абанын нымдуулугун байкап туруңуз, анткени кургак аба да иммунитетке терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Абанын нымдуулугун 40-60% деңгээлде кармаңыз.

Дарыгердин көзөмөлүндө болуп, дарыгер тарабынан сунушталган биологиялык активдүү кошулмаларды колдонуп туруңуз. Өзгөчө, D витамин жетишсиз болсо, аны пайдалануу маанилүү. Кышкы мезгилде күндүн нуру жетишсиз болгондуктан, көпчүлүк адамдарда D витамининин жетишсиздиги байкалат.

Кыймылда болуу дагы иммунитетти чыңдоого жардам берет. Эгерде кыштын суук күндөрүндө спорт залга бара албай калсаңыз, үйдө эле көнүгүүлөр жасап туруу сиздин денеңиздин каршылык жөндөмдүүлүгүн сактап калат.

## 3. Жугуштуу оорулардын алдын алуу

Кыш мезгилинде жугуштуу оорулардын күчөшү мүмкүн. Сасык тумоо жана башка жугуштуу оорулардын алдын алуу үчүн бир нече чараларды көрүү керек:

- Сасык тумоо жана башка жугуштуу оорулар менен ооруп жаткан адамдардан алыстап жүрүңүз.
- Колуңузду дайыма жууп, антисептикалык каражаттарды колдонуп туруңуз.
- Эгерде сизде оорунун белгилери байкалса, башкаларга жугузуп албоо үчүн бет кап тагыныңыз.
- Дарыгердин кеңеши боюнча, оорунун алдын алуу үчүн дары-дармектерди колдонсоңуз болот.

Жаңы вируска каршы эмдөө кампанияларын да эске алуу керек. Эгер сизге эмдөө сунушталса, аны кылдаттык менен аткарыңыз. Эмдөө организмди инфекциялардан коргоо үчүн эң ишенимдүү ыкма болуп саналат.

## 4. Териге кам көрүү

Териңизди коргоо үчүн, адистер сунуштаган сүйкөөчү каражаттарды колдонуу керек. Териңиздин нымдуулугу жана жабыркоосунан сактоо үчүн атайын кремдер жана майлар пайдаланыңыз. Кышында терини нымдандыруучу каражаттарды колдонуу теринин курашынын алдын алып, анын нормалдуу көрүнүшүн сактайт.

## 5. Дем алуу органдарын суктан коргоо

Кыш айларында суук аба дем алуу органдарына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Бул мезгилде дем алуу органдарын сактоо үчүн мурун менен дем алыңыз. Мурунга суук аба өтүп кетпеши үчүн, шарф же түздөн-түз суктан коргой турган аксессуарларды пайдаланыңыз. Мурун менен дем алганда, аба жогору температурага жетип, өпкөгө жайлуу жетет.



**Таттыбүбү Гуламова**

# Бир учурда окуп-иштеп жаткан студенттер

"Жакшылык болсо билип ал, жаш куракта билим ал" дегендей адам баласы алгач бала бакчада, мектепте, андан кийин жогорку окуу жайда билим алат. Мунун баары анын келечеги үчүн эң маанилүү тепкичтердин бири эмеспи. Ал эми ошол алган билимин пайдаланып жумуш жасаса, бул анын жетишкендиги. Себеби ар бир адам тандаган окуусун сүйүп окуп, жумушун да сүйүп жасоосу керек. ОшМУнун студенттери да бир убакта иштеп, окуусуна да жетишип, мыкты чөйрөгө ээ болуп жатышат. Мына ошол студенттерден кыскача маек алып, алардын сезимдери, ой-пикирлери менен бөлүштүк.





## Айдай Бактияр кызы: "Айлык түшкөн сайын китеп сатып алууну адатка айланткам"

Мен, Айдай Бактияр кызы, 20 жаштамын. Кара-Кулжа районунан болом. Сайдракман Калназаров атындагы орто мектебин бүтүрүп, азыр ОшМУнун Орус филологиясы бөлүмүнүн 2-курсунда окуп жатам. Ошондой эле Искусство, педагогика жана журналистика институтунда декандын орун басарынын катчысы болуп иштейм. Бул менин мамлекеттик кызматтагы алгачкы жумушум, буга чейин Ош шаарында кафе-ресторандарда официант болуп иштеп жүргөм.

Айлык акым жакшы, 30 пайызын ата-энеме берип турам. Ата-энем акчага муктаж болбосо дагы кубанып калсын деген ой. Маянамдын калган бөлүгүн көбүнчө батир акысына, тамак-ашка жана өзүмдүн өнүгүүмө жумшайм. Бир адатым бар, ай сайын айлык түшкөндө бир китеп сатып алып окуйм. Китеп окуу менин абдан жакшы көргөн ишим. Адегенде адабий китептерди окуганды жактырам. Мисалы, Төлөгөн Касымбековдун "Сынган кылыч" романын кайталап окуганды жакшы көрөм. Өзүмдү тынч жерде, жалгыз китеп окуп жатканда эң ыңгайлуу сезем. Жакында жарык көргөн Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касманбетовдун "Нарк куржун" деген китебин сатып алып, учурда окуп жатам. Бул китеп мага абдан кызыктуу болуп жатат.

Менин жумушумдун негизги бөлүгү — документ иштери. Ошондой эле студенттердин сабактарга толук катышуусун көзөмөлдөйм. Жумушта кызыктуу жана күлкүлүү окуялар да болуп турат. Мисалы, менден чоң студенттер келип, "эжеке" деп кайрылышса, бул мага бир аз ыңгайсыздык жаратат. Келечекте агартуу тармагына аралашып, профессор болууну кыялданам. Ошондой эле карьералык өсүүмдү ОшМУда улантуу ниетим бар. 20 жашымда ОшМУда иштөө мен үчүн чоң сыймык, ошондуктан тагдырыма абдан ыраазымын!

## Жакшылык Таалайбек уулу: "Студент үчүн окуучулар менен иш алып баруу кыйынчылыкты туудурбай койбойт экен"



Мен, Таалайбек уулу Жакшылык, учурда ОшМУнун Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун магистратура бөлүмүндө 1-курста окуп жатам. Бакалавр бөлүмүн аяктаган соң, Ош шаарындагы №52 "Кыргыз-Түрк достугу" мектеп-лицейине кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп жаңыдан ишке орноштум. Окууга тапшырып жана педагог болушума ата-энем жана ЖРТ себепкер. "Алма сабагынан алыс түшпөйт" дегендей, мен дагы ата-энем мугалим болгон соң, алардан алыс кете албадым. Мугалимдин баласы болуу мен үчүн чоң сыймык. Мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөнүмө жаратканга миң мертебе шүгүр. Азыр ойлосом, ата-энем мага эң татыктуу тарбия бериптир. Ушул окуу жайга тапшыруума ЖРТ дагы себепкер болгон. Анткени бүтүрүүчү класс болгонубузда карантин учуру болуп, эч нерсеге даярдана алган эмесмин. ЖРТнин жыйынтыгы боюнча мектеп боюнча жогорку упай топтогондордун ичинен үчүнчү болуп өтүпмүн. Буга да апам себепкер болсо керек. Себеби апам кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп мектепте эмгектенет эле.

Ош шаарына 2020-жылдын жай айларында келип, окуу жай тандап жүрүп, алардын ичинен ОшМУну тандадым. Ошентип башка түшсө, байтал жорго демекчи студент болуп, студенттик күндөр башталды. Алгачкы жолу ишмердүүлүгүмдү Ош шаарындагы "Рекорд" аналитикалык билим берүү уюмунан баштадым. Бир эле учурда студент болуп, ошону менен бирге эле мугалим болуу да ары эмгекти, аракетти, жоопкерчиликти талап кыла турчу иш тура. Себеби өзүмдөн 1,2 жаш кичүү бүтүрүүчүлөрдү ЖРТге даярдадым. Студент болуп туруп, окуучулар менен иш алып баруу да бир кыйла кыйынчылыкты туудурбай койбойт экен.

Студент атын алып жүргөн менен, ага "амал" кылган студент сымалдар саналуу эле болсо керек деп ойлоп кетем. Студент өзүнүн үстүнөн иштеш керек деген ойду айткым келет. Ал эми окуу менен ишти айкалыштырып кетүү чанда кезигет эмеспи. Студенттик кезге кайтсак, бул учурда эч кайталангыс көз ирмемдер сакталды. Себеби бул кесиптин арты менен 3-курсумдан, тагыраак айтканда, 2022-2023-жылдан бери эмгектенип келүүдөмүн. Окуу жайды 2024-жылы ийгиликтүү аяктап, жогоруда аты аталган мектепте иштеп келем.

**Эльнура Кудайбердиева**

# КАЛЕМГЕР

Ар бир адамда табиятынан берилген талант болот эмеспи. Ал талантты өркүндөтүп кетиш өз колубузда. Биздин студенттер да кайсыл тармак болбосун өзүн-өзү өнүктүрүүнүн үстүндө жан үрөп иштеп жатышат. Алардын арасында ыр жазган досторубуз да бар. Мына ушул досторубузду коомчулукка тааныштыруу максатында "Калемгер" аттуу рубрикабызды сунуштайбыз. Анда эмесе жаш досубуздун дүйнөсүнө сүңгүйлү.



## Маматали кызы Таңчолпон

Маматали кызы Таңчолпон 2006-жылы 28-мартта Ноокат районунун Н.Исанов айыл өкмөтүнө караштуу Тескей-Кожоке айылында туулган. Кожоке атындагы орто мектепти аяктаган. Азыркы учурда ОшМУнун Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун 1-курсунун студенти.



***

Жазылат ар кимдин баяны,
Жок бирок жомоктун аягы.
Жомоктой дүйнөдө жашаган,
Жомокчу бир кызмын баягы.

Жылт эткен жылдызды караган,
Жаманды жакшыдай санаган.
Берилген убакыт ченелүү,
Башталбайт бул жашоо кайрадан.

Баалайлы атаны, энени,
Бул дүйнө кудайдын белеги.
Эли-журт ишенип турса эгер,
Эмгегин биз актап берели.

Аталар аманат кылышкан,
Мекеним бакытым Кыргызстан.
Башкалар сүйүүгө байланат,
Сен менин сүйүүмсүң Кыргызстан!

Баалуу деп саналат бар нерсе,
Бул дүйнө, өмүрдө бар кезде.
Баарынан баалусу ушулар,
Барктайлы убакыт бар кезде.

***

Амансыңбы, апа кандай абалың?
Мен баягы, сенин эрке жаманың.
Чоочун шаарда, чоочун жерде, чоң шаарда,
Чоочуркадым көрүп жакшы - жаманын.

Эки жума өттү эптеп ээрчишип,
А мен айылды эки күндө самадым.
Балалыкка кол булгалап чакырчы,
Баш чайкабай бачым жетип барайын.

Курбу кыздар,
бири айтат, бийиктерди самаарын,
Бири болсо жылдыз болуп жанаарын.
А кызыңдын кыялдарын сурасаң,
Кыялдары кичинекей баланын.

Кыялымда кээде болсом космонавт,
Саякатчы кээде боло каламын.
Апоору билсең кол жетпести тиледим,
Жаратканым берсин жаштын тилегин.

Жакшы окуйм, жүзүң жерге каратпайм,
Менин бактым сенин бактың билемин.
Улуу төрдөн ушул жерге мен келдим,
Тайыз болдум, терең болдум, теңделдим.

Бийик-бийик максат койгом алдыма,
Билгим келет түркүн тилин элдердин.
Күн сууду, күз илеби билинди,
Камсанаба кызың жылуу кийинди.

Балдар сүйгөн эжекеси болсом деп,
Алып жатам агай берген билимди.
Зымырыктай учат мезгил эмнеге?
Токтой турчу тартып бир аз тизгинди.

Улуу төрдөн ушул жерге келгенде,
Кең дүйнөнүн тар экени билинди.
Даяр турам жолго бүгүн камынып,
Күтсөң керек тынбай издеп карааным.

Жолдор менен жел кайыктай агылып,
Жума күнү апа сизге барамын!

*Жан дүйнөнүн сырын келген билгиси,*
*Бир акында жашайт экен миң киши.*
*Акын деген ай ааламдын жарчысы,*
*Акын деген адамдыктын үлгүсү...*

### Адамдар...

Шашылып ары бери бара жаткан,
Качышат, башка түшкөн бир азаптан.
А балдар, кусалыгы артып барат,
Айрылбай туруп али балачактан

Өмүргө өзгөрүлбөй көз караштар,
Байлыкты бакыт үчүн кууп кеттик.
Ким жетти бакыттын туу чокусуна
Көйгөй жок, биз майдачыл болуп кеттик.

Чынында, бакыт жетиш-тартыш болуу,
Кээде ысып, ызгаарларга үшүп-тоңуу.
Бакыт бул акчасы көп күндөр эмес,
Көгөрүп, катып калган наның болуу.

Бакыт бул жамгырдагы тамчыларда,
Жер жүзүн таза кылып жууп өткөн.
Жамгырдан кийин жыпар жыттан улам,
Келчүдөй боло берет жылуу көктөм.

Бакыт бул өчпөй күйгөн коломтодо,
Күн сайын энең тамак кылып күткөн.
Бакыт бул бооруң менен араздашуу,
Ийгилик болсун дешип алга түрткөн.

А бирок түшүнүксүз ушул жашоо,
Көңүлгө мунун баарын илбей туруп.
Алгачкы адамдар да өткөн чыгар,
Түбөлүк жашоо жогун билбей туруп.

**Элена Аданова**

# ЖАҢЫ ДООРДУН ЖАҢЫ ТАЛАПТАРЫ

Азыркы мезгилде дүйнө санариптик технологиялардын өнүгүшү менен өзгөрүп жатат. Цифрдык трансформация (ЦТ) деп — ишкердик, өкмөттүк башкаруу, билим берүү, саламаттык сактоо жана башка тармактардагы кызматтардын санарип технологиялары аркылуу модернизациясы түшүнүлөт. Бүгүнкү күндө бул процесс глобалдык деңгээлде күч алып, көптөгөн өлкөлөрдө жана компанияларда ийгиликтүү ишке ашырылып жатат. Анын айрым компоненттери — бул автоматташтыруу, булуттук эсептөө, чоң маалыматтар, жасалма интеллект жана башка жаңы технологиялар. Бирок, ар бир жаңы технология менен кошо жаңы коопсуздук тобокелдиктери, анын ичинде **киберкоопсуздук** көйгөйлөрү да пайда болууда. Бул макалада биз цифрдык трансформациянын маанисин, анын пайдасын жана аны киберкоркунучтардан коргоо үчүн кандай чараларды көрүү керектигин карап чыгабыз.

## Трансформациянын мааниси

Цифрдык трансформациянын негизги максаты — бул процесстерди, ресурстарды жана маалыматты санарип форматта башкаруу аркылуу ишти жакшыртуу, тейлөө сапатын арттыруу жана чыгымдарды азайтуу. Бул өзгөрүүлөр гана эмес, коомдун жана компаниялардын иштеши боюнча абдан чоң издер калтырууда. Мисалы:

1. Ишкердик процесстерин оптималдаштыруу: Санарип технологиялар көбүнчө ишкердик процесстерди автоматташтырууга жана оптималдаштырууга багытталат. Бул өз кезегинде, маалыматтардын тактыгын жана чечимдердин ылдамдыгын жогорулатат.

2. Жаңы кызматтарды жана продуктыларды түзүү: Жасалма интеллект, IoT (интернет буюмдары), 3D принтинг сыяктуу жаңы технологиялар жаңы бизнес моделдерди түзүүгө мүмкүндүк берет.

3. Маалыматтарды талдоо жана чечимдерди кабыл алуу: Чоң маалыматтар жана аналитика компанияларга жана өкмөттөргө өзүнүн ишмердүүлүгүн тереңирээк түшүнүүгө жана эффективдүү чечимдер кабыл алууга жардам берет.

4. Пайдалануучулар үчүн жаңы тажрыйбалар: Булут технологиялары жана мобилдик тиркемелер аркылуу колдонуучулар өздөрүнүн муктаждыктарына ылайык келген кызматтарды жана продуктуларды жеңил ала алышат.

## Киберкоопсуздук — жаңы доордун негизги коргоо чарасы

Цифрдык трансформация процесси дүйнө жүзүндөгү бардык тармактарды өзгөртүп жатканда, киберкоопсуздук дагы өтө маанилүү болуп калды. Санариптик башкаруу системаларынын иштеши, ошондой эле маалыматтарды сактоо, жиберүү жана иштетүүдө туулган коопсуздук тобокелдиктери чоң көйгөйгө айланууда.

**1. Маалыматтардын уурдалышы:** Цифрдык чөйрөдө маалымат — бул эң баалуу ресурс. Кибер чабуулдар (мисалы, фишинг, вирус ж.б.) аркылуу жеке жана корпоративдик маалыматтар уурдалып, маанилүү коммерциялык же мамлекеттик маалыматтардын коопсуздугуна коркунуч жаралат.

**2. Жаңы киберкоркунучтар:** Цифрдык трансформация жаңы киберкоркунучтарды пайда кылууда. Мисалы, жасалма интеллект жана автоматташтырылган системалар кибер чабуулдар үчүн колдонулушу мүмкүн, ошондой эле IoT чөйрөсүндөгү жабдуулар кибер чабуулдар үчүн ашкере ашкере ачык болушу мүмкүн.

**3. Инфраструктуранын коопсуздугу:** Булуттык эсептөө, IoT жана башка онлайн платформалар сымал технологиялар, кызматтарды колдонуп иштегенде, аларга сырттан кирүү коопсуздугу дагы көбөйүүдө. Анын натыйжасында, жеке тармактарга кирүүгө жана ишенимдүү маалыматты алуу мүмкүнчүлүктөрү көбөйүүдө.

**4. Киберкатастрофалардын кесепеттерин азайтуу:** Кибер чабуулдар инфраструктураны бузуп, финансылык зыян келтирип, компаниялардын жана өкмөттөрдүн ишмердүүлүгүн токтотушу мүмкүн. Мындай зыяндар көп учурда ооздуктоого жана калыбына келтирүүгө чоң чыгымдарды талап кылат.

## Коопсуздугун камсыздоо

Цифрдык трансформациянын ийгиликтүү ишке ашышы үчүн киберкоопсуздукка көңүл буруу өтө маанилүү. Ошондуктан, ар бир жаңы технология менен катар, ошол технологиянын коопсуздугуна да көңүл буруу зарыл.

**1. Киберкоопсуздукка инвестициялар:** Ар бир компания жана мамлекеттик мекеме өзүнүн киберкоркунучтарга каршы




стратегиясын түзүшү керек. Бул — коопсуздук системаларын күчөтүү, кибер коркунучтарды алдын алуу жана коргоо үчүн инвестиция кылуу.

**2. Үзгүлтүксүз билим берүү жана окутуу:** Киберкоопсуздук боюнча кызматкерлерге окутуу жана билим берүү — бул маанилүү элемент. Ар бир кызматкер интернеттин коопсуздугу боюнча түшүнүккө ээ болушу керек.

**3. Ризиктерди башкаруу жана мониторинг:** Маалыматтык коопсуздукту камсыздоо үчүн үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлүп, коопсуздукка коркунуч туудурган жагдайлар алдын ала аныкталат.

**4. Жалпы стратегиялар жана стандарттар:** Кибер коопсуздукту сактоо үчүн жалпы стратегияларды иштеп чыгып, эл аралык стандарттарга негизделген саясатарды колдонуу керек. Мисалы, ISO/IEC 27001 сыяктуу стандарттар коопсуздукту башкаруу жана сактоо үчүн эффективдүү негиз болуп саналат.

**5. Шифрлөө жана коопсуздукту башкаруу:** Маалыматтарды шифрлөө, күчтүү аутентификация жана коопсуз байланыш каналдарын колдонуу санариптик трансформация процесси үчүн абдан маанилүү.

Цифрдык трансформация — бул өнүгүүнүн жаңы этабы, бирок ал жаңы коопсуздук тобокелдиктерин да кошо алып келет. Бүгүнкү күндө бардык компаниялар, уюмдар жана мамлекеттер бул көйгөйгө маани берүү керек. Киберкоопсуздук — бул болочоктун талабына жооп берүүчү стратегия. Анын ишке ашырылышы бизге санариптик дүйнөнүн мүмкүндүктөрүн толук пайдаланууга жана коопсуз иштешин камсыздоого жардам берет. Кибер коопсуздукту камсыздоо үчүн бардык тараптардын биргелешип иштеши жана жаңы технологиялардын коопсуздугун сактоо максатында үзгүлтүксүз кадамдарды жасоосу керек.

**Майрам Шарип кызы**

# Кышкы кайрыктар

## КЫШКЫ КЕЧ

Көктүн бетин бороон думбалап,
Кар тозоңу күчөйт аябай.
Жырткыч болуп улуп бурганак,
Ыйлайт кээде корккон баладай.

Кажый берип мезгил жеп салган,
Саман тамды шамал тепкилейт.
Жолоочудай жолдон кеч калган,
Терезени кээде черткилейт.

Кепебиз тар, кейпи анчейин,
Кайгы-муңдан карып, жүдөгөн.
Жарыктык ай, эми кантейин,
Жакшылык деп жүрүп түгөгөн.

Телмиресиң, тиктеп дүйнөнү,
Же тажадың бүтпөс ызгаардан.
Же кейитти өмүр түйдөгү,
Ийирген сайын улам кыскарган?

Ким жашоону жамап бүтөдү,
Курган жаштык чындап куунасын.
Анда көрө келчи, ичели,
Жүрөк бүгүн бир аз дууласын.

Ырда кушту, бактың тууралуу,
Көк деңизге кетип адашкан.
Мелт деп аккан тунук суудагы
Кыз кезинди сайга бараткан.

Александр Пушкин
(которгон Шайлообек Дүйшеев)

## КЫШ

Ызгаар менен үшкүрүп
Жетип келди кары кыш,
Жандыктан кан бөксөрүп,
Калтылдады кетти күч.

Байчечекей жайнаган,
Өлдү, солду, айтты:
«Кош!» Жаздай бизде сайраган,
Өтөр кетти келгин куш.

Тегиз кепин оронду,
Токой да аппак, тоо да аппак.
Суу четинде муз тоңду,
Терең кетти ак чабак.


Кардан бутак кайышып,
Кычырады, ыйлады.
Күч бере албай майышып,
Өлүм ырын ырдады.

Маймак аюу дардактап,
Жазды жаздай тойлогон.
Согончогун кучактап,
Алда качан сойлогон.

Жалгыз айылга каралап.
Жуттап келди мал колго.
Ууру, бөрү сагалап,
Кирип келди короого.

Качан кетет кары кыш?
Качан гүлдөр жайнашат?
Өтөр кеткен акын куш,
Качан келип сайрашат?

Касым Тыныстанов



## УНУТУП КАЛЫПТЫРМЫН АЛ УЧУРДА

Кечигип келатканмын алыс жактан,
Кышкы түн. Кырк градус кышкы чилде.
Эки жаш эриндерден от чачышып,
Турушат жол боюнда бак түбүндө.

А мүмкүн,башым менен кошо жатар,
Ар качан айтып көнгөн азил кебим:
"Суукта сүйүшүүнүн кызыгы жок
Жакында жаз келет" - деп азилдедим.

Селкиси уялгансып унчукпастан,
Жигиттин кучагында бүрүшөт тек.
Жигити мени карап күлүп коёт:
"Жазында ким болсо да сүйүшөт"- деп.

Мыш болуп мыңк этпестен үйгө келип,
Түшүндүм азил кептин бекердигин.
Унутуп калыптырмын ал учурда
Сүйүүнүн миң градус экендигин.

Байдылда Сарногоев

## КЫШ

Аз аздап аткарылып талаптары,
Аппак кар улам жерди кабаттады.
Ачыла баштады да чекесинен,
Апамдын сары майы, салаттары.

Суук бөлмө сыртка алсыз чачып нурун,
Чыгарбайт сулуу кызды катып сырын.
Үшүтөт ызгаар шамал боз баланы,
Күчөтүп анан сайын ашыктыгын.

Жааган кар мени өзгөчө бөлүп карап,
Бетиме тийип кайра эрип жатат.
Жаткандай чоң энемдин төшөгүнө,
Суналып карга жаткым келип жатат.

Кыш үчүн кышта ыр жазам чийип калам,
Быйыл да келди айтып ыйык салам.
Заарканам ноябрда сууктан бир аз,
Мен кышты декабрда сүйүп калам.

Улукбек Омокеев

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Элена Аданова

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Малика Токтосунова
Майрам Шарип кызы
Эльнура Кудайбердиева
Таттыбүбү Гуламова
Шадияна Аскарова
Айганыш Нурлан кызы
Гүлзар Максытали кызы

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902